ММ Кызмат
МАМЛЕКЕТТИК жана МУНИЦИПАЛДЫК
КАДРЛАР БААРЫН ЧЕЧЕТ!
№ 7 (615) 24-февраль, 2026-ж. МАМЛЕКЕТТИК жана МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН БАСЫЛМАСЫ

## КАРА-СУУ РАЙОНУНУН ОТУЗ-АДЫР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛ ӨКМӨТҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН "МАМЛЕКЕТТИК ЖАРАНДЫК КЫЗМАТ ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТ ЖӨНҮНДӨ" МЫЙЗАМЫНЫН НЕГИЗИНДЕ БАШКЫ ТОПТОГУ ЖАНА УЛУК ТОПТОГУ КЫЗМАТ ОРУНДАРЫНА КАДРЛАР ИЧКИ РЕЗЕРВИНЕ КИРГИЗҮҮ ҮЧҮН АЧЫК СЫНАК ЖАРЫЯЛАЙТ



7-бетте

## ОТКРЫТ НАБОР НА МАГИСТРАТУРУ И ДОКТОРАНТУРУ «CORE HUMAN RESOURCE DEVELOPMENT FOR ROAD ASSET MANAGEMENT JFY2026»



7-стр.

## ТЫШКЫ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИНЕ ТАЛАПКЕРЛЕР КӨП







3-бетте

# ЖАНАРБЕК АКАЕВ ОШ ШААРЫНЫН МЭРИ БОЛДУ



Президент Садыр Жапаров кол койгон Жарлыкка ылайык, Акаев Жанарбек Кубанычович Ош шаарынын мэри болуп дайындалды. Ал 1986 – жылы 13-декабрда Ош облусунун Алай районунда туулган. 2009 – жылы Ош Мамлекеттик университетинин журналистика факультетин аяктаган. 2008 – 2015 – жж. "Азаттык" радиосунун Кыргыз кызматынын журналисти, 2015-ж. КР президентинин маалымат катчысы, 2015 – 2026-жж. Жогорку Кеңештин депутаты болгон. Үй-бүлөлүү, эки баласы бар.

# САЛАМАТ САРТОВ УКМКнын ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ БОЮНЧА БАШКАРМАЛЫГЫН ЖЕТЕКТЕЙТ



Саламат Сартов Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитеттин Жалал-Абад облусу боюнча башкармалыгынын башчысы болуп дайындалды. Жаңы жетекчини эмгек жамаатына УКМКнын төрагасынын орун басары, Антитеррордук борбордун директору Алишер Эрбаев тааныштырды.

Иш-чарага президенттин Жалал-Абад облусу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Нурлан Эрматов да катышты. С.Сартов узак убакыт бою улуттук коопсуздук органдарында кызмат кылып келген.

# ЖЕҢИШБЕК ТОКТОРБАЕВ ОШ ШААРЫНЫН МЭРИ КЫЗМАТЫНАН КЕТТИ



Президент Садыр Жапаров кол койгон Жарлыкка ылайык, Ош шаарынын мэри Токторбаев Жеңишбек Шермаматович ээлеген кызмат ордунан бошотулду. Ал 1968-жылы 14-февралда Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Кара-Жыгач айылында туулган. Украинадагы Хмельницкий технологиялык институтун "инженер-механик" адистиги боюнча бүтүрүп, Кыргыз мамлекеттик университетинде "юриспруденция" адистиги боюнча сырттан билим алган. 1994-2003 — жж. ишкердик менен алектенген. 2004-2005 —жж. Жалал-Абад шаарынын "Жеңиш-Достук" кайрымдуулук фондунун түзүүчүсү жана жетекчиси, 2004-2008 — жж. Жалал-Абад шаардык кеңешинин депутаты. 2021 —жж. Жогорку Кеңештин депутаты болгон.

# ЭРНИСБЕК ОРМОКОВ МАНАС ШААРЫНЫН МЭРИ КЫЗМАТ ОРДУНАН БОШОТУЛДУ



Президент Садыр Жапаров кол койгон тескемеге ылайык, Жалал-Абад облусунун Манас шаарынын мэри Ормоков Эрнисбек Абдижалилович ээлеген кызмат ордунан бошотулду.

Ормоков 1981-жылы 11-сентябрда Чүй облусунун Сокулук районунда туулган. 2014-жылы Укук, бизнес жана билим берүү академиясын юрист адистиги боюнча бүтүргөн. 2006-жылы Жалал-Абад мамлекеттик университетин экономист адистиги боюнча аяктаган. 2015-2017-жылдары Жалал-Абад шаардык кеңешинин депутаты жана төрагасы болгон. 2017-2020-жылдары Жалал-Абад шаардык кеңешинин депутаты болгон.

2020-жылдын 11-декабрынан баштап Жалал-Абад облусунун Жалал-Абад (азыркы Манас шаары) шаарынын мэри кызматын аркалап келген.

# АБДУПАТА МАТКАЛИКОВ МАНАС ШААРЫНЫН МЭРИ БОЛУП ДАЙЫНДАЛДЫ



Президент Садыр Жапаров кол койгон тескемеге ылайык, Маткаликов Абдупата Жороевич Жалал-Абад облусунун Манас шаарынын мэри болуп дайындалды.

Манас шаарынын жаңы мэри 1964-жылдын 1-январында Жалал-Абадда төрөлүп, 1985-жылы Майлуу-Сууда жайгашкан Фрунзе политехникалык университетин «инженер-механик» адистиги боюнча аяктаган. 2020-жылы "Мекенчил" партиясы менен шайлоого барган. Ал эми 2021-жылы "Ишеним" партиясы менен парламенттик шайлоого катышып, тизмеде 39-болгон.

# КЕМЕЛ САДЫКОВ ИЛИМ ЖАНА ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ МИНИСТРИНИН ОРУН БАСАРЫ КЫЗМАТЫНАН АЛЫНДЫ



Кемел Садыков Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министринин орун басары кызматынан бошотулду. Ал бул кызматка 2025-жылдын июль айында дайындалып, санариптик өнүгүү маселелерине жооптуу болгон. К.Садыков 1975-жылы 12-декабрда Фрунзе шаарында туулган. 1998-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинен (КМУ) “юрист”, 2002-жылы КМУдан “финансы жана кредит” адистиктерин аяктаган. 2021-ж. Жаза аткаруу кызматынын башчысынын орун басары, биринчи орун басары кызматтарын аркалаган. Ички кызматтын полковниги.

# БИР КАТАР КЫЗМАТ АДАМДАРЫНА ЖОГОРКУ АСКЕРДИК ЖАНА АТАЙЫН НААМДАР ЫЙГАРЫЛДЫ

Президент Садыр Жапаров бир катар кызмат адамдарына жогорку аскердик жана атайын наамдарды ыйгаруу боюнча жарлыктарга кол койду.

КР Конституциясынын 70-беренесинин 10-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык Ниязбеков Улан Омокановичке «милициянын генерал-полковниги» жогорку атайын наамы, Шабданбеков Жумгалбек Кумаровичке «генерал-лейтенант» жогорку аскердик наамы, ошондой эле Намазов Акылбек Закировичке, Шадыбеков Уранбек Амановичке, Отонбаев Тариэл Зарылбековичке, Шаршеев Талайбек Имашовичке, Талипов Талантбек Медербековичке, Эрбаев Алишер Ташбаевичке «генерал-майор» жогорку аскердик наамы жана Бектурганов Малик Маамыталиевичке «юстициянын генерал-майору» атайын наамы ыйгарылды.





# ТРАНСПОРТ ЖАНА КОММУНИКАЦИЯ МИНИСТРЛИГИНДЕ МИНИСТРДИН ОРУН БАСАРЛАРЫ АЛМАШТЫ

КР Транспорт жана коммуникациялар министрлигинде кадрдык өзгөрүүлөр болуп төмөнкүлөр дайындалды:

Тариэл Жаныбеков – министрдин биринчи орун басары;

Улукбек Жанибеков – министрдин орун басары;

Бактылуу Момбеков – министрдин орун басары.

Тиешелүү буйрукка Министрлер Кабинетинин төрагасы Адылбек Касымалиев кол койду.

Жаныбеков Тариэл Камалбекович Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Ак-Терек айылында туулган, 47 жашта. Ал буга чейин Финансы министрлигине караштуу Баалуу металлдар департаментинин директору болгон.



Момбеков Бактылуу Аскар уулу буга чейин КР Президентинин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин даярдоо башкармалыгынын эксперт бөлүмүнүн башкы эксперти болгон. Ал 1991-жылы 6-мартта туулган, 34 жашта.

# АЙБЕК МАМЫРАЛИЕВ МОНОПОЛИЯГА КАРШЫ ЖӨНГӨ САЛУУ КЫЗМАТЫНЫН ТӨРАГАЛЫГЫНА БАРДЫ



Экономика жана соода министринин орун басары Бenазир Нурланова Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын жамаатына жаңы төрага Айбек Мамыралиевди тааныштырды. Бул тууралуу Экономика министрлигинин басма сөз кызматы билдирди.

2024-жылдын сентябрь айынан бери Монополияга каршы кызматтын башчысы кызматын Женаалы Орозбаев аркалап келген.

Айбек Абасканович Мамыралиев 1981-жылы 20-январда туулган. 2003-жылы Ж. Баласагын атындагы КУУну юриспруденция адистиги боюнча, ал эми 2011-жылы КР Президентинин алдындагы Мамлекеттик башкаруу академиясын менеджмент адистиги боюнча аяктаган.

Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин Атаандаштыкты өнүктүрүү департаментинин бөлүм башчысы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин статс-катчысы, Кыргыз Республикасынын Экономика жана соода министрлигинин алдындагы Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын Укуктук колдоо жана керектөөчүлөрдүн укугун коргоо департаментинин башкармалыгынын начальниги болуп иштеген.

Кыргыз, орус, англис тилдерин билет.


**«ММ кызмат»**

**Тел.: +996 (312) 62-16-26**
**mmkyzmat@gmail.com**
**mmkyzmat@mail.ru**

ГЕЗИТ ЭЭСИ:
Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик жана редакциянын эмгек жамааты

Башкы редактор
**Надыр Момунов**

Башкы редактордун орун басары, жооптуу катчы
**Дайырбек Мейманов**

Кабарчылар:
**Рысбай Сагынов**
**Мамат Сабыров**

Корректор
**Гүлназ Нурмаханова**

Верстка
**Регина Мейманбекова**

Менеджер
**Татьяна Ибраимова**
**тел./факс: +996 (312) 62-16-36, +996 (558) 508268**

**Келишимдер жана реквизиттер үчүн:**
tatianashukurbekovna@gmail. com

**«ММ кызмат» гезити**
2013-жылы 7-июнда негизделген

ИНН 01210201310016
БИК 135001
ОАО «Айыл банк»,
Бишкек ш., Биринчи май району,
р/с 1350100026248533

Катталуу күбөлүгү № 1941

“Принт Мастер” ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Заказ № 185. Нускасы 1390

*Жарнамалардын стилистикасы жана грамматикасы өзгөртүүсүз берилет.*

**Биздин дарек:**
720040, Бишкек шаары,
Чүй проспектиси, 122



## ЖАҢЫ ЖЕТЕКЧИ ИШКЕ КИРИШТИ



Түштүк борбордо Улуттук коопсуздук комитетинин Ош шаары жана Ош облусу боюнча жаңы жетекчиси Жоомарт Токтогулов жамаатка расмий түрдө тааныштырылды.

Салтанаттуу азем Президенттин Ош облусу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн кеңсесинин жыйындар залында өтүп, жаңы жетекчини Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитеттин төрагасынын орун басары Алишер Эрбаев тааныштырды. Иш-чарага Президенттин облустагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев жана Ош шаарынын мэри Жанарбек Акаев катышты.

Аманкан Кенжебаев аймакта мамлекеттик саясатты натыйжалуу ишке ашыруунун жана президенттин тапшырмаларын өз убагында аткаруунун маанилүүлүгүнө токтолуп, туруктуулукту жана мыйзамдуулукту жана тартипти камсыз кылуу үчүн укук коргоо органдары менен жергиликтүү бийлик органдарынын тыгыз кызматташуусунун зарылдыгын белгиледи.

## ЭЛНАР СУБАКОЖОЕВ – МИНИСТРДИН ОРУН БАСАРЫ



Элнар Субакожоев Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министринин орун басары болуп дайындалды.

Тийиштүү буйрукка Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин төрагасы Адылбек Касымалиев кол койду.

Элнар Субакожоев өзүнүн эмгек жолун 2008-жылы MegaCom компаниясында байланыш борборунун стажеру болуп баштаган. 2017-жылы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик байланыш агенттигинин жетекчиси болуп, радиожыштыктарды ачык тооруктоо үчүн онлайн платформаны ишке ашырган. 2024-жылдан 2026-жылдын февралына чейин мамлекеттик MEGA операторун («Альфа Телеком» ЖАК) жетектеген.

## НЛО СЫРЫН АЧАБЫ?



АКШнын президенти Дональд Трамп Коргоо министрлигине жана башка агенттиктерге белгисиз учуучу объектилерге жана жерден тышкаркы жашоону издөөгө байланыштуу өкмөттүк документтерди жашыруундуктан чыгарууга даярдык көрүүнү баштоону тапшырганын жарыялады.

Ак үйдүн маалыматы боюнча, бул чечим бул темага карата "коомчулуктун зор кызыгуусунун" алкагында кабыл алынган.

"Бул чоң кызыгууну эске алуу менен, мен Коргоо министрине жана башка тиешелүү министрликтерге жана агенттиктерге жерден тышкаркы жашоого, белгисиз аба кубулуштарына жана белгисиз учуучу объектилерге, ошондой эле бул өтө татаал, бирок өтө кызыктуу жана маанилүү маселелерге тиешелүү башка маалыматтарды аныктоо жана жашыруундуктан чыгаруу процессин баштоону тапшырып жатам", - деп жазган Трамп.

Президент кайсы документтер жарыяланышы мүмкүн экенин, алардын канчасы жарыяланарын, же качан коомчулукка жеткиликтүү болорун так айткан жок.

## АЛМАСБЕК АБЫТОВ ЖАҢЫ КЫЗМАТКА КЕЛДИ



Алмасбек Абытов Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппарат жетекчиси болуп дайындалды

Ал буга чейин Президенттин жана Министрлер Кабинетинин Жогорку Кеңештеги ыйгарым укуктуу өкүлү кызматын аркалап келген.

Алмасбек Ахунжанович Абытов 1966-жылы 1- майда Кара-Суу районунун Каратай айылында туулган.

1988-жылы К. Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтун инженер-механик адистиги боюнча, 1993-жылы Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясынын аспирантурасын, 2006-жылы Москва мамлекеттик экономика, статистика жана информатика университетинин Бишкек институтун экономика жана математика адистиги боюнча аяктаган.

Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясынын Машина куруу институтунун Автоматтык машиналар жана пресс-комплекттер лабораториясында инженер, улук инженер, кенже илимий кызматкердин милдетин аткаруучу, кенже илимий кызматкер, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынынын төрагасынын орун басарынын жардамчысы, Эл өкүлдөр жыйынынын аппаратынын жалпы бөлүмүнүн башчысы, Каржы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы, Бюджет жана экономикалык саясат боюнча комитетинин эксперттик тобунун жетекчиси, Кыргыз Республикасынын Эмгек, жумуш менен камсыз кылуу жана миграция министри, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын жетекчисинин 1-орун басары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешиндеги туруктуу өкүлү болуп иштеген.

Бешинчи чакырылыштагы Жогорку Кеңештин депутаты болгон.

Техника илиминин кандидаты. Мамлекеттик кызматтын 3-класстагы мамлекеттик кеңешчиси.

Кыргыз жана орус тилдерин билет.

## ЭРМЕК ӨМҮРАЛИЕВ КЫРГЫЗСТАНДЫН ИТАЛИЯДАГЫ ЭЛЧИСИ БОЛУП ДАЙЫНДАЛДЫ



Эрмек Өмүралиев Кыргызстандын Италиядагы элчиси жана Бириккен Улуттар Уюмунун Азык-түлүк жана айыл чарба уюмундагы, Дүйнөлүк азык-түлүк программасындагы жана Айыл чарбасын өнүктүрүү боюнча эл аралык фонддогу туруктуу өкүлү болуп дайындалды. Бул тууралуу Президенттик администрациянын басма сөз кызматы билдирди.

Буга чейин Италиядагы элчи кызматын Таалай Базарбаев аркалаган.

Эрмек Өмүралиев 53 жашта. Кесипкөй дипломат. 1990-жылдардын ортосунан бери Тышкы иштер министрлигинде иштеп, министрликтин борбордук аппаратында жана чет өлкөлөрдөгү дипломатиялык өкүлчүлүктөрдө ар кандай кызматтарды ээлеген. Ал Тышкы иштер министрлигинде инвестицияларды тартуу, экспортту илгерилетүү жана туризм маселелерин көзөмөлдөп, экономикалык дипломатия департаментин жетектеген. Жарандык авиация тармагында тажрыйбага ээ.

Кыргыз, орус, англис, түрк тилдерин билет.

Тест-хроника

# ТЫШКЫ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИНЕ ТАЛАПКЕРЛЕР КӨП

**17-23-февралдагы тестирлөөнүн жыйынтыгы**

**17-февраль**

КР Тышкы иштер министрлигинин кенже кызматына 59 талапкер босоголук чекти багындырышты.

**18-февраль**

КР Тышкы иштер министрлигинин кенже кызматына 103 талапкер жогорку упайларды камсыздашты.

**19-февраль**

КР Транспорт жана коммуникация министрлигине караштуу Жер жана суу транспорту департаментинин улук кызматына 1, КР Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин башкы кызматына 14, улук кызматына 5, райондук мамлекеттик администрация башчысы-акиминин социалдык блокту тейлеген орун басарлыгына 1 талапкер өттү. Ал эми экономикалык блокту тейлеген орун басарлыкка, Миң-Булак айыл өкмөтүнүн улук кызматына умтулган бирден талапкер сынакка келишкен жок.

**20-февраль**

КР Тышкы иштер министрлигинин кенже кызматына 62, Чолпон-Ата шаардык мэриясынын башкы кызматына 1, Жаргылчак айыл өкмөтүнүн улук кызматына 2 талапкер жакшы даярдыктарын көрсөтүштү.Ал эми райондук шаардын мэрлигине иштегиси келген талапкердин бул күнү жолу болбоду.

**23-февраль**

Бул күнү да КР Тышкы иштер министрлигинин кенже кызматы үчүн 128 талапкер ат салышты.

**М.Сабыров**



# КЫЗМАТКА РЕЗЕРВДЕН

## СПИСОК РЕЗЕРВИСТОВ, РЕКОМЕНДОВАННЫХ ДЛЯ НАЗНАЧЕНИЯ НА ДОЛЖНОСТЬ ПЕРВОГО ЗАМЕСТИТЕЛЯ

| № | Ф.И.О. | Дата и место рождения | Место проживание | Образование (год окончания, наименование вуза и специальность) | Место раб... до... |
|---|---|---|---|---|---|
| 131 | Жамангулова Нургүл Абдымамытовна | 05.06.1970 с. Кочкорка Кочкорский р-н, Нарынская область | г. Бишкек | 2004, Бишкекский государственный университет экономики и предпринимательства, "Товароведение и экспертиза товаров". | Начальник Упр... организационно... деятельности ап... Государственно... государственно... самоуправления... Министров КР |
| 132 | Жундубаев Алмарсбек Мамырович | 22.10.1969 Джалал-Абадская область., Аксыйский район | с. Кок-Таш, Ала-Букинский район, Джалал-Абадская область., | 2003, КНУ, юриспруденция | Ведущий специ... айылном округе... |
| 133 | Кенжебаев Сүйөркул Умаркулович | 03.03.1983 с. Көк-Таш, Лейлекский район, Баткенская область | г. Исфана, Лейлекский район, Баткенская область | 2005, Сулюктинский гуманитарно-экономический институт Баткенского государственного университета | Заведующий от... населения мигр... РУТСР, Мин.тр... обеспечения и м... |
| 134 | Асаналиев Самат Асаналиевич | 11.06.1987 Нарынская обл, Ак-Талинский р-он, с. Баетова | Нарынская обл, г. Нарын, ул. Ленина, 101а | 2015, Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына, юриспруденция; 2010, Кыргызский государственный университет строительства, транспорта и архитектуры, экономика и управление на предприятии | Заведующий от... инспекторской ... Полномочного ... Президента КР |
| 135 | Бегалиев Мамасалы Сатыбалдыевич | 23 03 1970 Баткенская обл., Баткенский р-он, с.Кан | Баткенская обл. г.Баткен, ул. Айипова, дом 19 | 1993, Кыргызский государственный университет, история | |
| 136 | Кайымов Талантбек Тилекматович | 20.05.1969 г. Бишкек | г. Ош, ул. Курманжан Датки, 228-19 | 1997, АГУПКР, менеджмент 1992, Кыргызский ордена "Знак Почета" сельско-хозяйственный институт им. К.И. Скрябина, зоотехния | |
| 137 | Кошубаев Адилет Койчубекович | 10.08.1979 Иссык-Кульская обл., Тонский район | Иссык-Кульская обл., Тонский район, с. Кажы-Сай | 2006, Кыргызский государственный технический университет, экономист менеджер | Начальник Тон... управления тру... и миграции |
| 138 | Олжобаев Нурбек Курманбекович | 15.09.1982 Джалал-Абадская обл., Ноокенский р-н, с. Момбеков | Джалал-Абадская обл., Ноокенский р-н, с. Момбеков, ул. Мамасадыков, 42 | 2020, Международный университет им.К.Ш. Токтомаматова; 2001, Жалал-Абадский государственный университет, история | Заведующий от... Ноокенского ра... области |
| 139 | Таев Элдос Ысакович | 15.02.1981 Джалал-Абадская обл, Сузакский р-он, с.Октябрьское | Джалал-Абадская обл. г.Джалал-Абад, ул.Манас, 90/6 | 2003, Жалал-Абадский государственный университет, финансы и кредит | |





# КАРАЛАТ

## ГЛАВЫ МЕСТНОЙ ГОСУДАРСТВЕННОЙ АДМИНИСТРАЦИИ - АКИМА (ПО ЭКОНОМИЧЕСКИМ ВОПРОСАМ)

| ...боты, занимаемая ...олжность | Стаж работы | | | | Классный чин и/или звание | Приказ о зачислении |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Стаж работы на гос/мун службе | Стаж работы на руководящей должности(лет) | стаж по спец. | стаж в иных руководящих сферах | | |
| ...авления ...го обеспечения ...ппарата ...го агентства по делам ...й службы и местного ...и при Кабинете | 26, 6, 10 | 7, 11, 13 | 3, 0, 22 | 1, 11, 7 | Инспектор ГГС 1 класса, Дипломаттческий ранг "3 секретарь" | №01-25/11 от 18.01.2024 |
| ...алист Кок-Ташском ...е | 13,4,0 | 6,1,8 | | | | |
| ...делом труда и защиты ...ации Лейлекского ...уда, социального ...миграции КР | 13,8,22 | 13,8,22 | | | | |
| ...делом контроля и ...работы аппарата ...представителя ...в Нарынской обл. | 8,4,11 | 3,0,3 | | 2,4,23 | | №01-25/12 от 18.01.2024 |
| | 12,5,17 | 7,8,23 | 2,11,9 | 2,3,22 | советник ГС 3 класса | |
| | 16,6,6 | 11,0,2 | 12,5,22 | 0,8,25 | советник МС 2 класса | |
| ...ского районного ...да, социальной защиты | 16,0,1 | 11,1,12 | | | | |
| ...делом образования ...йона Джалал-Абадской | 5,7,13 | 3,10,26 | 8,0,15 | 2,10,17 | | |
| | 2,3,8 | 2,3,8 | | 8,6,9 | советник МС 3 класса | |



# М.Өмүрзаков:

# БАШКАРМАЛЫК РЕСПУБЛИКАБЫЗДЫН ТҮНДҮК АЙМАГЫНДА МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ, МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨ БИРДИКТҮҮ МАМЛЕКЕТТИК САЯСАТТЫ ӨРКҮНДӨТҮҮНҮ КАМСЫЗ КЫЛУУДА

**(Башталышы гезиттин №5 санында)**

Талас облусунда 2025-жыл ичинде айыл өкмөт башчысына 19 арыз келип түшүп, 3 талапкер тестирлөөдөн тиешелүү өтүү баллын алган жана 3 талапкер айыл өкмөт башчысы кызмат орунуна сунушталып, Талас облусунда бир катар жетекчилик кызматтар толукталды.Нарын облусунда 2025-жыл ичинде Саясий кадр резервке 211 арыз келип түшкөн, тестирлөөдөн айыл өкмөт башчысы кызмат орунуна арыз берген талапкерлердин ичинен 70 талапкер өтүүчү баллды камсыз кылган, Муниципалдык резервге талапкерлерди киргизүү боюнча облустук комиссиядан 18 талапкер айыл өкмөт башчысы кызмат ордуна, 4 талапкер райондук маанидеги шаарлардын мэрлеринин кызмат ордуна, райондук маанидеги шаарлардын мэринин орун басары кызмат ордуна, 1 талапкер резервке киргизилген. Ысык-Көл облусунда 2025-жыл ичинде Саясий кадр резервке талапкерлерди киргизүү боюнча облустук комиссиядан жалпы 96 арыз келип түшүп, райондук маанидеги шаардын мэрине жана анын орун басарына талапкерлер тиешелүү балл алышкан жок жана 18 талапкер айыл өкмөт башчысы кызмат ордуна резервге кирген жана алардын ичинен 7 талапкер дайындалды.

**Башкармалык тарабынан өткөрүлгөн иш-чаралар, жыйындар**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик жана USAIDдин "Укук булагы" долбоору тарабынан биргелешкен буйруктун негизинде, Аксакалдар сотторунун ишмердүүлүгүн өнүктүрүү жана алардын ишин колдоо максатында сынак жарыяланган. Сынактын тандоо этабынан өткөн аксакалдар соттору менен таанышуу, алардын ишмердигин жеринен көрүү максатында Түндүк аймактар аралык башкармалыгынын кызматкерлеринин катышуусунда 2025-жылдын 17-22-январь күндөрү Чүй, Нарын жана Ысык-Көл облустарында аксакалдар соттору менен жолугушуулар болуп өттү. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин директорунун тапшырмасынын негизинде, 2025-жылдын 19-22-февралында Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй, Талас, Нарын жана Ысык-Көл облустарынын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн жыйындар залында райондук мамлекеттик администрацияларынын башчысынын орун басарларынын, шаардык мэрлеринин, айыл өкмөт башчыларынын катышуусунда Коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү мыйзам актыларынын күчтөндүрүлүүсү боюнча 2024-жылдын 31-декабрындагы № 209 мыйзамына ылайык, коррупцияга каршы аракеттенүү жүрүм-турум укуктары жана антикоррупциялык стандарттары жөнүндө окутуу семинар болуп өттү. Окутуу семинардын максаты-коррупцияга каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү мыйзам актыларынын күчтөндүрүлүүсү, коррупциянын алдын алуунун натыйжалуу механизмдерин колдонуу, коррупцияга каршы мыйзамдарды өркүндөтүү, ошондой эле Кыргыз Республикасында коррупцияны минималдаштыруу боюнча туруктуу натыйжаларга жетүү. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 29-январындагы № 44 тескемеси менен бекитилген 2025-жылга мамлекеттик заказды аткаруу боюнча план-график бекитилген. 2025-жылда Ысык-Көл облусунда 583, Нарын облусунда 526 жана Талас облусунда 393, ал эми Чүй облусунда 548 мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер квалификациясын жогорулатуу боюнча курска катышты. 2025-жылдын 12-мартында Мамлекеттик жарандык кызматка жана муниципалдык кызматка кабыл алууда аңгемелешүү өткөрүү жол- жоболору тууралуу окуу семинары өткөрүлүп, Чүй областынын мамлекеттик жана ЖӨБ органдарынын персоналды башкаруу кызматынын кызматкерлеринин катышуусу камсыздалды. Аталган окуу семинар Ысык- Көл облусунда да 2025 жылдын 20-мартында өткөрүлдү. 2025-жылдын 12-мартынан 20-мартына чейин Чүй, Нарын, Ысык- Көл жана Талас облустарында Муниципалдык ишканалардын ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча окутуулар өткөрүлдү. 2025-жылдын 23-июнунда, 23-июнь-Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат күнүнө арналган салтанаттуу иш-чаралар Чүй, Нарын, Талас, Ысык-Көл облустарында өткөрүлдү. Иш- чарага Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин Түндүк аймактар аралык башкармалыгынын кызматкерлери, муниципалдык кызматтын ардагерлери, ведомстволордун, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү жана кызматкерлери катышты. Иш-чаранын жүрүшүндө мамлекеттик жана муниципалдык кызмат тармагында үзүрлүү эмгек сиңирген кызматкерлер ведомстволук сыйлыктар менен сыйланышты. Атап айтканда, өз ишин мыкты деңгээлде аткарган кызматкерлерге "Мамлекеттик кызматтын отличниги", "Муниципалдык кызматтын отличниги", "Ардак грамота" жана "Грамота" сыяктуу сыйлыктар тапшырылды. Бул сыйлыктар мамлекеттик



жана муниципалдык башкаруу системасындагы адистердин талыкпаган эмгегин жогору баалоонун, аларды колдоонун жана кесиптик өнүгүүгө шыктандыруунун бир белгиси болуп саналат.

2025-жылдын март айында Ысык-Көл облусунун бүт айыл өкмөттөрүнө караштуу муниципалдык ишканалар боюнча толук маалыматтар чогултулуп жиберилди. "E-Kyzmat" АМСте жеке маалымат боюнча 3-8 апрель айында бардык райондор жана шаарларда семинарлар өткөрүлдү. 21-июнда Каракол шаардык стадионунда "23-июнь мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин күнүнө" карата облустун мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлеринин катышуусунда спорттун 5 түрү боюнча спорттук мелдеш өткөрүлүп, медалдар, кубоктор, акчалай сыйлыктар тапшырылды. Ошондой эле ушул иш-чарада Агенттик тарабынан 16 мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге сыйлыктар тапшырылды. Кесиптик майрамга карата Баткен менен Ысык-Көлдүн "теле- көпүрөөсү" УТРК компаниясы уюштуруп, телекөпүрөдө берилген суроолорго толук кандуу жооп берилди. 2025-жылдын 12-июнунда Талас облусунун Айтматов районунун Аманбаев айыл өкмөтүндө "Мыкты тажрыйбалар жана улуттук дем" аттуу республикалык семинар – кеңешме болуп өттү. Агенттиктин Түндүк аймактар аралык башкармалыгынын кызматкерлери тарабынан республикалык семинар – кеңешмеге региондордон келген конокторду тосуп алуу, мейманканаларга жайгаштыруу жана семинар – кеңешменин катышуучуларын каттоо иштери жүргүзүлдү. 2025-жылдын 23-июнь мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын күнүнө карата КР Президентинин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнүн жыйындар залында Талас облусундагы мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларга Агенттиктин сыйлыктарын тапшыруу аземи болуп, сыйлыктар тапшырылды. Мамлекеттик тапшырыктын алкагында Талас облусундагы Мамлекеттик органдардын жана ЖОБ органдарынын кызматкерлерине "Адам ресурстарын башкаруунун механизмдери" жана "ЖӨБ укуктук, экономикалык жана финансылык камсыздоо" темасында окутуу семинарлары өткөрүлдү. 2025-жылдын сентябрь айында Ысык-Көл облусунун бардык мамлекеттик органдарынын жана айыл өкмөттөрүнүн тиешелүү кызматкерлерине өзгөртүлгөн ченемдик укуктук актылар боюнча жана е-Кызмат, НРК, АИС СЭД, жеке кабинет боюнча окутуулар өткөрүлдү. Кыргыз Республикасынын Президентинин "Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" 2022-жылдын 24-февралындагы № 54 Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-февралындагы № 67 жана 19-августундагы № 502 токтомдорунун аткарылышы боюнча Каракол шаарында жана Ак-Суу районунун айыл өкмөттөрүндө көрүстөндөрдө жеринен түзүлгөн комиссиялар менен мониторингдер жүргүзүлдү.

2025-жылдын 8-9-декабрында Балыкчы жана Каракол шаарларында жергиликтүү кеңештердин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин натыйжалуусун уюштуруу максатында Юстиция министрлиги, Өнүктүрүү саясат институту жана ЖӨБ союзу менен биргелешкен семинар-тренинг уюштурулган. Балыкчы шаарында 29, Каракол шаарында 48 кызматкерлер катышты. 2025-жылдын 12-декабрында Каракол шаарынын мэриясынын жыйындар залында Каракол шаарынын мэриянын аппаратына жана шаардын мекеме ишканаларынын жетекчилерине "Коррупцияга каршы аракеттенүү" темасында окутуу семинар уюштурулду. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү кеңештердин ишмердигинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында 2025-жылдын 2-декабрынан 23-декабрына чейин шаардык жана айылдык кеңештердин төрагаларынын, айыл өкмөт башчыларынын жана айылдык кеңештердин жооптуу катчылары үчүн Юстиция министрлиги, Өнүктүрүү саясат институту жана ЖӨБ союзу менен биргелешкен семинар-тренинг уюштурулган.

Окуу-семинарлардын алкагында «Жергиликтүү кеңеш тарабынан ченем жаратуучу ишмердикти ишке ашыруунун өзгөчөлүктөрү», ошондой эле «Жергиликтүү кеңештердин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын ыйгарым укуктарын ажыратуу, жергиликтүү кеңештин ишин пландоо» маселелери камтылды.

**Аталган окуу-семинарлар:**

- 2025-жылдын 8-декабрында Нарын шаарында, Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктүн жыйындар залында (51 кызматкер катышты);
- 2025-жылдын 9-декабрында Каракол шаарында, Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктүн жыйындар залында (48 кызматкер катышты);
- 2025-жылдын 12-декабрында Талас шаарында, Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктүн жыйындар залында (53 кызматкер катышты).

Мындан тышкары, ушул эле окуу-семинарлар:

- 2025-жылдын 8-декабрында Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаардык мэриясынын жыйындар залында (29 кызматкер катышты);
- 2025-жылдын 9-декабрында Жумгал райондук мамлекеттик администрациясында (39 кызматкер катышты);
- 2025-жылдын 15-декабрында Чүй облусунун Жайыл райондук мамлекеттик администрациясында (27 кызматкер катышты);
- 2025-жылдын 16-декабрында Чүй облусунун Сокулук райондук мамлекеттик администрациясында (37 кызматкер катышты);
- 2025-жылдын 17-декабрында Чүй облусунун Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясында (21 кызматкер катышты);
- 2025-жылдын 18-декабрында Чүй облусунун Чүй райондук мамлекеттик администрациясында (28 кызматкер катышты).

Семинарлардын жүрүшүндө катышуучуларга нормативдик-укуктук актыларды даярдоонун учурдагы талаптары, жергиликтүү кеңештин регламенттик иши, ыйгарым укуктарды так ажыратуунун механизмдери жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин пландоодо колдонулуучу жаңы инструменттер кеңири түшүндүрүлдү. Ошондой эле практикалык мисалдардын негизинде ченем жаратуучу ишмердиктин этаптары, долбоорлорду укуктук экспертизадан өткөрүү тартиби жана жергиликтүү кеңештер тарабынан кабыл алынган чечимдердин сапатын жогорулатууга багытталган сунуштар берилди. Иш-чаралардын жыйынтыгында окуу-семинарлар жергиликтүү кеңештердин ишинин натыйжалуулугун арттырууга, мыйзам чыгаруучулук процесстердин сапатын жакшыртууга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы координацияны чыңдоого өбөлгө түздү.

**Кара-Суу районунун Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтү Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын негизинде башкы топтогу жана улук топтогу кызмат орундарына кадрлар ички резервине киргизүү үчүн**

# АЧЫК СЫНАК ЖАРЫЯЛАЙТ:

**I. Башкы топтогу административдик муниципалдык кызмат орундарына квалификациялык талаптар**

1. Кесиптик билиминин деңгээли:

- тиешелүү багыттагы жогорку билим ("Гуманитардык илимдер" багытында "Юриспруденция", "Филология" адистиктери боюнча жана "Экономика жана башкаруу" багытында "Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу", "Менеджмент", "Экономика" адистиктери боюнча);

2. Стажы жана иш тажрыйбасы:

- мамлекеттик жарандык же / жана муниципалдык кызматтагы жалпы стажы 3 жылдан кем эмес же тиешелүү кесиптик чөйрөдө 5 жылдан кем эмес иш стажы.

3.Кесиптик компетенттүүлүгү( төмөнкүлөрдү билүү):

– Кыргыз Республикасынын Конституциясын;

– Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексин;

– Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексин;

– Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын Этика кодексин;

– "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамын;

– "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамын;

–"Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө", "Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө", "Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө", "Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө", "Маалымат алуу укугу жөнүндө", "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сырларын коргоо жөнүндө", "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", "Жамааттык келишимдер жөнүндө", "Жамааттар жана алардын бирикмелери жөнүндө", "Аксакалдар соттору жөнүндө", "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө", "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө", "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө".

**II. Улук топтогу административдик муниципалдык кызмат орундарына квалификациялык талаптар (экономикалык жана юридикалык багыт боюнча)**

1. Кесиптик билиминин деңгээли:

-тиешелүү багыттагы жогорку билим;

2. Стажы жана иш тажрыйбасы:

- мамлекеттик жарандык же / жана муниципиалдык кызматтагы жалпы стажы 1жылдан кем эмес же тиешелүү кесиптик чөйрөдө 3 жылдан кем эмес иш стажы.

3.Кесиптик компетенттүүлүгү ( төмөнкүлөрдү билүү):

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы;

- Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө»;

- Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө»;

- Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө»;

- Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө»;

-Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын

3-мартындагы № 120 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама.

**Талап кылынуучу документтер:**

1. Паспорт копия;
2. Диплом;
3. Эмгек китепчеси;
4. Аскердик билет;
5. Резюме;
6. Өмүр баян;
7. Личный листок;
8. Личная карточка;
9. Соттолбогондугу боюнча маалымат (УВДдан);
10. Жашаган жеринен аныктама;
11. 3х4 сүрөт;
12. Жеке арызы;
13. "Дело".

Белгиленген талаптарга туура келбеген документтерди жана маалыматтарды тапшырган жарандарды сынакка катыштырууга жол берилбейт. Сынакка катышуу үчүн талап кылынган керектүү документтер төмөндөгү көрсөтүлгөн даректе жарыя чыккан күндөн баштап 5 (беш) жумушчу күндөрү саат 09:00дөн 17:00гө чейин кабыл алынат.

Дареги: Отуз-Адыр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн кеңсеси, Отуз-Адыр айылы, А.Атамбиев көч. 19.

Байланыш телефону: 0778 11 66 52

# ОТКРЫТ НАБОР НА МАГИСТРАТУРУ И ДОКТОРАНТУРУ «CORE HUMAN RESOURCE DEVELOPMENT FOR ROAD ASSET MANAGEMENT JFY2026»

Обучение будет проводиться на английском языке в Японии с конца марта 2027 года. Направляем во вложениии общую информацию по указанному долгосрочному курсу.

**Кандидаты должны соответствовать следующим требованиям:**

1. Текущие обязанности: Госслужащие, принимающие участие в разработке политики и администрировании в области управления дорожными активами в центральном/региональном правительстве, правительственных научно-исследовательских институтах или других соответствующих общественных организациях в секторе управления дорожными активами а также лица, ответственные за образование и исследования в области управления дорожными активами в высших учебных заведениях и исследовательских учреждениях.

2. Гражданство: Граждане Кыргызской Республики.

3. Возраст менее сорока (40) лет (по состоянию на 1 апреля 2026 года)

4. Образование: для магистерских программ — бакалавр или магистр, для докторских программ — магистр.

5. Язык: достаточный уровень владения английским языком как в письменной, так и в устной форме для прохождения курсов магистратуры и/или докторантуры. Кандидаты должны предоставить любой из сертификатов по английскому языку (TOEFL, IELTS или TOEIC).

6. Физическое присутствие: необходимо физически приехать в Японию для прохождения обучения

7. Гендерное равенство и расширение прав и возможностей женщин: JICA стремится к продвижению гендерного гендерного равенства и расширения прав и возможностей женщин и предоставляет равные возможности для всех заявителей независимо от их сексуальной ориентации или гендерной идентичности.

8. Другие требования: кандидаты не должны получать или планировать получать другие стипендии во время программы.

**Крайний срок подачи заявок кандидатами в Министерство финансов: 16 марта 2026 г. без возможности продления**

Настоятельно просим направлять не только общую информацию, но и весь пакет документов для заполнения.

**Кандидатам следует внимательно ознакомиться с буклетом общей информации, далее собрать и заполнить следующий пакет документов:**

1) Форма заявки (Application Form)

2) Мотивационное письмо в свободном формате (Statement of Purpose (Free Format)

3) Анкета вбитуриента (Profile Sheet)

4) Исследовательский план в свободном формате (Research Plan (Free Format)

5) Копия диплома о высшем образовании (на англ.языке или сопровождаемые официальным переводом на англ и нотариально заверенные)

6) Академическая транскрипция (на англ.языке или сопровождаемые официальным переводом на англ и нотариально заверенные)

7) Копия сертификата, подтверждающего уровень английского языка (TOEFL, IELTS или TOEIC)

8) Копия загранпаспорта

9) Государственным гражданским и муниципальным служащим сопроводительное письмо от своего ведомства в адрес Государственного агентства по делам государственной службы и местного самоуправления при Кабинете Министров Кыргызской Республики, относительно предоставления заключения для участия в конкурсе (в письме указывается информация о занимаемой должности кандидата и об отсутствии у кандидата дисциплинарного взыскания) согласно пунктам 2-6 Положения о координации обучения государственных гражданских служащих и муниципальных служащих Кыргызской Республики за счет средств доноров (Обращаться к Камалидину (0312) 66-01-51)

10) Сопроводительное письмо от своей организации на имя Министерства финансов Кыргызской Республики (на официальном бланке организации, с указанием даты, исходящего номера, подписи и печати организации)

**Далее следует сдать весь пакет документов ЛИЧНО В РУКИ нижеуказанному контактному лицу в Министерстве финансов КР:**

— Министерство финансов КР

— г. Бишкек, бульвар Эркиндик, 58

— Управление международного сотрудничества

— Утуров Мурас — (0312) 625313 (доб.2233)

По всем вопросам подачи документов в Министерство финансов КР, просьба обращаться по вышеуказанному номеру.

**Ысык-Ата районунун Кочкорбаев айыл өкмөтү мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын административдик кызмат орундарына кадрлардын резервине кирүү үчүн**

# АЧЫК СЫНАК ЖАРЫЯЛАЙТ:

**Айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары- (Б-А) -1шт. б.**

1) квалификациялык талаптар:

-жогорку кесиптик билими;

2) стажы жана иш тажрыйбасы:

-мамлекеттик жана/же муниципалдык кызматтагы жыйынды стажы 3 жылдан кем эмес же болбосо тиешелүү кесиптик чөйрөдө 5 жылдан кем эмес иш стажы.

**Айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы (Б-А) -1шт. б.**

1) квалификациялык талаптар:

-жогорку кесиптик билими;

2) стажы жана иш тажрыйбасы:

-мамлекеттик жана/же муниципалдык кызматтагы жыйынды стажы 3 жылдан кем эмес же болбосо тиешелүү кесиптик чөйрөдө 5 жылдан кем эмес иш стажы.

**Жер маселеси жана өзгөчө кырдаалдар боюнча башкы адис (У-Б) – 1 шт.б.**

1) квалификациялык талаптар:

-төмөнкү чөйрөлөрдөгү жогорку кесиптик билими:геодезия жана жерге жайгаштыруу, архитектура жана курулуш, инженер, жер таануу (почвоведение) топурак таануу, агрохимия, агрохимия жана агротопурак таануу, картография, юриспруденция, мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу, гуманитардык илим, экономика жана башкаруу.

2) стажы жана иш тажрыйбасы:

- мамлекеттик жана/же муниципалдык кызматтагы жыйынды стажы 1 жылдан кем эмес же болбосо тиешелүү кесиптик чөйрөдө 3 жылдан кем эмес иш стажы.

**Конкурска катышуу үчүн керектүү документтердин тизмеси:**

- Жеке арыз, кадрларды эсепке алуу баракчасы, автобиография (соттолгондугу жоктугу тууралуу маалымат), резюме, сүрөт (3*4 – 2 шт);

- копия паспорта (паспорттун түп нускасы сынакка келгенде көрсөтүлүшү керек);

- зарыл кесиптик билимди ырастоо жөнүндө документ, иш тажрыйбасы жана квалификациясы, (эмгек китепчесинин көчүрмөсү, билими жөнүндө, квалификациясын жогорулатуу жөнүндө документтердин нотариус же иштеген жери боюнча кадрлар бөлүмү тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү).

**Документтерди кабыл алуу Ысык-Ата районунун, Кеңеш айылынын, Ленин көч. №70 жүргүзүлөт. Тел.:0555449325.**

Толук маалымат КР Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин расмий сайтында берилген. www.mkk.gov.kg

# ХОСЕ АНТОНИО КАСТ ЖАНА АНЫН КОМАНДАСЫ



**Хосе Антонио Каст, Чилинин президенти**

Хосе Антонио Каст 1966-жылы 18-январда Чилинин Сантьяго шаарында туулган. 1951-жылы Германиядан Чилиге качып кеткен немис иммигранттарынын он баласынын эң кичүүсү. Анын атасы вермахтта кызмат өтөгөн жана нацисттик партиянын мүчөсү болгон. Бирок, Касттын айтымында, атасы нацисттик кыймылды колдогон эмес. Касттын улуу агасы Мигель Аугусто Пиночеттин аскердик өкмөтүнүн тушунда Эмгек жана социалдык камсыздоо министри жана Борбордук банктын президенти болуп иштеген.

Хосе Антонио Каст Чилинин Католик университетин юридикалык адистик боюнча аяктаган. 1990-жылы юридикалык фирманы негиздеген. Юрист болуп иштеп, университетте сабак берген.

1996-жылы Каст консервативдик Көз карандысыз Демократиялык Биримдиктин (UDI) мүчөсү болгон. Ошол эле жылы ал Сантьяго Метрополитан аймагынын Майпо провинциясынын Буин коммунасында кеңешке шайланган. Ал бул кызматты 2000-жылга чейин ээлеген. 2002-жылдан 2018-жылга чейин Конгресстин мүчөсү болуп, үй-бүлө, билим берүү, маданият жана спорт боюнча комитеттерде иштеген

2012-жылы UDI жетекчилигине кошулуп, 2014-жылга чейин башкы катчы болуп иштеген. Ал 2016-жылы партиядан кетет да 2017-жылы президенттик шайлоого көз карандысыз талапкер катары катышып, төртүнчү орунду ээлеген. 2019-жылы консервативдик Республикалык партияны негиздеп, жетектеген. 2021-жылдагы шайлоодо да президенттикке талашкан, бирок, экинчи турда солчул Габриэль Боричке утулуп калган. 2024-жылдын ноябрында Республикалык партия Хосе Антонио Касттын 2025-жылдагы шайлоодо президенттикке талапкер катары колдогон.

2025-жылы 14-декабрда Чилидеги президенттик шайлоонун экинчи айлампасында Каст 58,61% добуш менен жеңишке жеткен. Анын атаандашы, борбордук-солчул "Чили үчүн биримдик" коалициясынын өкүлү Жанетт Хара 41,39% добуш алган. Хосе Антонио Каст 2026-жылдын 11-мартында кызматка киришет.

Хосе Антонио Каст экономикага өкмөттүн кийлигишүүсүн азайтуунун жана коопсуздукту чыңдоонун жактоочусу. Ал корпоративдик салыктарды төмөндөтүүнү, ишкерлер жана чакан жана орто ишканалар үчүн бюрократиялык жол-жоболорду жөнөкөйлөштүрүүнү, саясий жана административдик аппаратты, мамлекеттик чыгымдарды кыскартууну жана "тартипти калыбына келтирүү" үчүн "өзгөчө кырдаалдагы өкмөттү" түзүүнү убада кылат. Бирок, ал чыгымдарды кыскартуу пенсияларга жана башка маанилүү социалдык жөлөкпулдарга таасир этпейт деп ишендирүүдө. Каст эвтаназияга, абортко, ажырашууга жана бир жыныстуу никеге каршы. Чили аймактагы эң коопсуз өлкөлөрдүн бири болгону менен, Ipsos эл аралык социологиялык борборунун октябрь айындагы сурамжылоосуна ылайык, чилиликтердин эң чоң тынчсызданууcу кылмыштуулук жана зомбулук (63%) болуп саналат, көпчүлүк жарандар кылмыштуулуктун өсүшүн мыйзамсыз иммиграция менен байланыштырышат. Жоопкатары Каст мигранттардын агымынын булагы болгон Боливия жана Перу менен чек араларда "жүздөгөн километр аңдарды, тосмолдукторды жана дубалдарды курууга", мыйзамсыз иммигранттарды депортациялоого жана кылмыштуулук көп болгон аймактарды кайтаруу үчүн атайын топ түзүүгө убада берет.

Каст Пиночеттин режимин коргогон билдирүүлөрү менен белгилүү, Пиночет "өлкөнү сапаттык жактан жаңы деңгээлге көтөрүп, анын экономикалык өсүшүнө негиз салган",- деп эсептейт. Бирок, ал диктатура учурунда болгон көптөгөн адам укуктарынын бузулушун танбайт.

Каст католик. Ал юрист Мария Пиа Адриазолага үйлөнгөн. Алардын тогуз баласы бар.



**Альберто ван Клаверен, Тышкы иштер министри**

Альберто ван Клаверен 1948-жылы 27-октябрда Амстердамда Экинчи Дүйнөлүк согуш учурунда нацисттик куугунтуктан аман калган үй-бүлөдө туулган. 1950-жылы ал ата-энеси менен Чилиге көчүп барган. Чили университетинде юриспруденцияны окуп, ошондой эле Денвер университетинин Эл аралык изилдөөлөр боюнча аспирантурасынан эл аралык изилдөөлөр боюнча магистр даражасын жана Лейден университетинен саясий илимдер боюнча даража алган. Испан, англис, голланд жана француз тилдерин билет.

1985-жылдан 1992-жылга чейин Европа жана Латын Америкасы мамилелери институтунда жана Испаниядагы Ортега-и-Гассет институтунда иштеген, 1988-жылдан 1990-жылга чейин Гейдельберг университетинин Саясий изилдөөлөр институтунун кошумча профессору болгон. 1992-жылы ал Чилиге кайтып келип, Тышкы иштер министрлигинде жана Эл аралык изилдөөлөр институтунда иштей баштаган.

1996-жылдан 2001-жылга чейин Тышкы иштер министрлигинде саясатты пландаштыруу боюнча директор болуп иштеп, 2001-жылдын май айында Чилинин Европа Биримдигиндеги элчиси болуп дайындалган. 2004-жылдан 2006-жылга чейин Чилинин Европа Биримдигиндеги, Бельгиядагы жана Люксембургдагы элчиси, 2006-жылдын 11-мартынан 2009-жылдын 18-ноябрына чейин ал Тышкы иштер министринин жардамчысы болгон.

2015-жылдын май айынан бери АКШ-Чили Фулбрайт комиссиясынын башкармалыгынын мүчөсү.

2023-жылдын 10-мартынан бери Чилинин Тышкы иштер министри болуп иштеп келет.

Чили университетинде сабак берет.

Үй-бүлөлүү, эки баласы бар.



**Майя Фернандес, Коргоо министри**

Майя Александра Фернандес Альенде 1971-жылдын 27-сентябрында Сантьягодо кубалык дипломат Луис Фернандес Оньянен Беатрис Альенде Буссинин үй-бүлөсүндө туулган. Ал Чилинин мурдагы президенти Сальвадор Альенденин небереси. Анын үй-бүлөсү 1973-жылдын 11-сентябрындагы Сальвадорду кулаткан аскердик төңкөрүштөн кийин Кубага көчүп кетүүгө аргасыз болгон. 1990-жылы диктатуранын кулашы менен Чилиге кайтып келип, Чили университетинде биологияны окуй баштаган. Кийинчерээк ал ошол эле университетте ветеринардык медицинаны окуп, эки тармакта тең бакалавр даражасын алган.

1992-жылы ал Чилинин Социалисттик партиясына кошулган. 2008-жылдагы муниципалдык шайлоодо Нуньоа коммунасынын кеңешчиси болуп шайланып, ал жерде 2012-жылга чейин иштеген. Тышкы иштер министрлигинде иштеп, 2012-жылдагы муниципалдык шайлоодо Демократия үчүн партиялар коалициясынын Социалисттик партиясынын тизмеси боюнча Нуньоа шаарынын мэри кызматына ат салышкан.

2013-жылдагы жана 2017-жылдагы парламенттик шайлоодо ал парламенттин мүчөсү болуп шайланып, бул кызматтан 2019-жылдын мартында кеткен. 2022-жылдын мартынан бери Коргоо министри болуп иштеп келет.

Томас Монсалве Эганяга турмушка чыккан, эки баласы бар.





**Николас Грау Велосо, Чилинин Каржы министри**

Николас Грау Чили университетинин жана Пенсильвания университетинин дипломдору бар экономист, саясатка келгенге чейин профессор болуп иштеген.

Ал мурда, 2022-жылдын мартынан 2025-жылдын августуна чейин

Экономика, өнүктүрүү жана туризм министри болуп иштеген. Инвестициялар үчүн тармактык уруксаттар жөнүндө, балык уулоо квоталарын бөлүштүрүү жөнүндө мыйзамды бекитүүгө катышкан, чакан бизнести колдойт.

**Хайме де Агирре Хоффа, Маданият, искусство жана мурас министри**

Хайме де Агирре Хоффа 1952-жылы 2-февралда туулган. Чили университетинде юридикалык окууну баштап, бирок, аны бүтүргөн эмес. Улуу Британиядагы Суррей университетинде үн инженериясы боюнча диплом алган. Бир нече тасмалардын саундтректерин жазган. Джаз фьюжн топторуна катышып, ал жерде бас-гитарада жана контрабас-гитарачы катары ойногон.

1980-жылдардын аягында ал Teleanálisis көз карандысыз жаңылыктар программасынын командасына кошулган.1991-жылы аткаруучу директор Хорхе Наваррете ага Televisión Nacional de Chile (TVN) телеканалынын программалар боюнча директору кызматын сунуштаган. 2002-жылдын апрель айында Фелипе Позо менен Хайме Веганын жогорку деңгээлдеги кызматтан кетишинен кийин Chilevisión каналынын башкы директору кызматына киришкен. 2016-жылдын 26-апрелинде ал 13-каналда программалоо боюнча директордун кызматын ээлеген, 2016-жылдын 16-декабрында Алисия Идальгонун кызматтан алынышынан кийин TVNдин аткаруучу директору болуп дайындалган.Бул кызматта 2018-жылдын 6-декабрына чейин иштеп, андан кийин Себастьян Пиньеранын экинчи өкмөтүнүн тушунда кызматтан кеткен. 2023-жылдын 10-мартында антрополог Жульета Бродскинин ордуна Маданият, искусство жана мурас министри болуп дайындалган.

Ал эки жолу үйлөнгөн, беш баланын атасы.

**М.Сабыров**